# Гүлдүү көйнөк




Автор: Ысмайыл Кадыров

Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

# Гүлдүү көйнөк

Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган"

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Гүлдүү көйнөк" (кыргыз тилинде), автор Ысмайыл Кадыров, сүрөтчү Жыргал Касмамытова

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom

Кездемеден кооз гүлдүү,
Апасы көйнөк тигиптир.
Жараштырып боюна,
Аруукe аны кийиптир.



– Күн тийген жерге ойнобо,
Оңуп кетет гүлдөрү.
Көркү калат бузулуп, –
деп апасы сүйлөдү




– Күн нурунда көп жүрсө,
Оңот деген эмне?
Аны билбейт экемин,
Айтып берчи, энеке!



– Ультра кызгылт көк нурлар,
Күн нурунда көп болот.
Боёктогу пигменттин
Молекулаларын жеп коёт.




Күн нурунда тез оңот,
Ошондуктан кездеме.
Көлөкөдө бузулбайт,
Болбогонсуп эч нерсе.




Аруукеге апасы,
Түшүндүрсө болгонду.
Эксперимент жасоону,
Аруукe эми ойлонду.



Көйнөктүн таап өөнүн,
Арууке күнгө жайыптыр.
Калтырып койсо үч күнгө,
Кубарып, оңуп калыптыр.




Күн тийген жерге ойносо,
Көйнөгүн такыр аябай.
Беш жүз сомдук көйнөгү,
Калмак экен жарабай.



Аруукe такыр билчү эмес,
Боёктун өңү оңорун.
Ушундан кийин билиптир,
Күн нуру күчтүү болорун.



Билбегенин билгенге,
Арууке абдан сүйүндү.
Кубанычын айтканга,
Апасына жүгүрдү.



USAID
АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ


Автор: Ысмайыл Кадыров
Сүрөтчү: Жыргал Касмамытова



USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы


- 1-класс
  - 1.1 деңгээли
  - 1.2 деңгээли
  - 1.3 деңгээли
- 2-класс
  - 2.1 деңгээли
  - 2.2 деңгээли
- 3-класс
  - 3.1 деңгээли
  - 3.2 деңгээли
- 4-класс
  - 4.1 деңгээли
  - 4.2 деңгээли